«Макулдашылды»

Педкеңешменин чечими менен

11.01.2023-ж.

Бекитемин

А.Жаманбаев атындагы орто

мектебинин директору:

# Акматбек Жаманбаев атындагы орто мектеби

## Педагогикалык кеңешме жөнүндө

## ЖОБО

Педагогикалык кеңешме – билим берүү мекемесинин билим берүү процесси негизги маселелерин караган туруктуу башкаруу органы.

1. ***Жалпы жоболор:***

**1.1.** Педагогикалык кеңештин курамына: билим берүү мекемесинин башчысы, анын орун басары, педагогикалык кызматкерлер, анын ичинде билим берүү психологу, социалдык мугалим, ошондой эле дарыгер, китепканачы, ата-энелер комитети, билим берүү мекемеси кирет.

**1.2.** Педагогикалык кеңеш «Билим берүү жөнүндө» мыйзамдарынын, билим берүү боюнча ченемдик-укуктук актылардын, мамлекеттик стандарттар, Жалпы билим берүү жөнүндөгү типтүү жобого, мектептин Уставына, мектептин окуу пландарынын негизинде түзүлгөн жана ушул жобого таянат.

**1.3.** Педагогикалык кеңештин чечимдери – А.Жаманбаев атындагы орто мектебинин жамааты үчүн сунуш берүүчү мүнөзгө ээ жана мектептин директорунун буйругу менен бекитилет. Педагогикалык кеңештин чечимдери милдеттүү түрдө аткарылат.

**1.4.** Педагогикалык кеңешме окуу-методикалык, тарбия иштери жана окуучуларды физикалык тарбиялоого тиешелүү маселелерди кароого жана чечүүгө түзүлөт.

2. **Педагогикалык кеңештин ишинин милдеттери жана мазмуну:**

**2.1.** Педагогикалык кеңештин негизги милдеттери:

- Билим берүү боюнча мамлекеттик маселелрди ишке ашыруу;
- Окуу процессин өркүндөтүү боюнча мектеп багыты;
- Мектептин жалпы методикалык темасы боюнча иштин мазмунун иштеп чыгуу;
- Педагогикалык жамаатты окуу-тарбия процессин жакшыртууга багыттоо;
- Педагогикалык илимдин жетишкендиктеринин жана жаңы педагогикалык тажрыйбанын педагогикалык кызматкерлеринин практикалык ишин киргизүү;
- Билим берүү программаларын өздөштүрүүгө окуучуларды кабыл алуу, көчүрүү жана бүтүрүү маселелерин чечүү.

3. Педагогикалык кеңеш төмөнкү функцияларды аткарат:

- Мектептин иш-пландарын талкулоо жана бекитүү;
- Окуу пландарын, окуу-тарбия программаларын талкулоо жана кабыл алуу;
- Мектеп мугалимдеринин маалыматтарын, отчетторун, жаш муунга билим берүү жана тарбиялоо боюнча өз ара аракеттерин ийримдерде жана мектептерде билимин өркүндөтүү боюнча маалыматты жарылоо окуучулардын эмгегин коргоо, ден соолугун камсыздоо, мектептин билим берүү ишинин башкы маселелерин кароо;